**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ
Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

Д. 10.11.029 диссертациялык кеңеш

Кол жазма укугунда
**УДК82:894.341.09(043.3)**

**Кудайбергенова Зейнеп Совхозбаевна**

# Аман Саспаевдин чыгармачылык жекечелиги

10.01.01 – кыргыз адабияты

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иштин
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек - 2013**

**Диссертациялык иш Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин салыштырма лингвистика жана адабият кафедрасында аткарылды.**

**Илимий жетекчи:** филология илимдеринин доктору, доцент
**Байжигитов Калыбек**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору, профессор
**Үкүбаева Лайли**

филология илимдеринин кандидаты
**Егимбаева Сауле Кыргызбековна**

**Жетектөөчү мекеме:** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасы, дареги: 7200266, Бишкек ш., Раззаков көчөсү,51.

Диссертация 2013-жылдын “____” _____________ саат______ Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д. 10.11.029 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чуй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү 547.

Автореферат 2013- жылдын “_____” _____________ таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
филология илимдеринин кандидаты,
доцент **Кадырмамбетова А.К**

pdfelement

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Аман Саспаев - азыркы кыргыз адабиятынын ири өкүлдөрүнүн бири. Жазуучунун чыгармаларысыз өткөн кылымдын 60-жылдарынан тарта бүгүнкү күнгө чейинки кыргыз прозасынын идеялык-тематикалык, жанрдык-стилдик, проблематикалык, образдык-поэтикалык жана көркөм-эстетикалык өнүгүү кыймылын, жаңылануу тенденцияларын толук кандуу элестетүүгө мүмкүн эмес. Анын башкалардан айырмаланып турган сүрөткерлик талантынын өзгөчөлүгү, чыгармачылык ой жүгүртүүсүнүн оригиналдуулугу менен индивидуалдуулугу, сөз менен иштөө маданияты, жазуу манерасындагы бөтөнчөлүктөрү ачылып, кыргыз окурмандарынын калың катмарына таанымал болууга жетишкен.

Жазуучунун тарыхый, саясий-социалдык, маданий жагынан бөтөнчөлөнгөн Кытай жеринде отуз жылдай жашап келиши, тарбияланышы, анын атуул жана сүрөткер катары калыптанышына түздөн-түз таасирин берген. А.Саспаевдин Пекиндеги жогорку окуу жайда окуп жүргөн мезгили ага орус, кытай жана индия адабиятынын алдыңкы үлгүлөрү менен жакындан таанышууга, алардын көркөм-эстетикалык тажрыйбалары менен салттарынан таалим-тарбия алуусуна, А.М. Горький, Н.В.Гоголь, Р.Тагор, А.Чехов, Яшпал, Кришан Чандр, Лесков, Мопассан, Золя, Немцова, Чапек, Лу Цинь, Го Можо, Жао Шули сыяктуу чыгаан калемгерлердин адабий сабактарын үйрөнүүсүнө кеңири шарт түзгөн. Кытай жергесиндеги чыгыш жана көп улуттуу советтик адабияттын салттары жаш адабият ышкыбозунун чыгармачылык жактан калыптанышына олуттуу роль ойногон. Советтик адабияттын методологиялык негизин түзгөн марксизм-ленинизм философиясы, анын методу болуп эсептелген социалисттик реализм методунун принциптери бардык чындыктын ачкычы, идеалдуу нормасы катарында кабыл алынган жана түшүнүлгөн.

А.Саспаевдин чыгармачылык өнөрканасына көп жанрдуулук таандык. Чыгармачылык жолун журналистикага ыктоо менен, адегенде уйгур, казак тилдеринде чыгып туруучу газета-журналдарга кат-кабар жазуу менен баштап, андан соң поэзияга ооп, бул багытта бир топ түйшүктөрдү өз башынан кечирип, атүгүл келечектүү жаш акын атыгып, андан соң гана чыгармачылык ишмердүүлүктүн сырларын өздөштүрүп, үйрөнчүктүк доордон өтүп калган чакта ал



pdfelement

прозанын астанасын өзүнүн аңгемелери менен аттады. Аңгеме жанры А.Саспаевдин чыгармачылык күч-кубатын, жазуучулук мүмкүнчүлүгүн, сүрөткерлик чеберчилигин аныктоого жарамдуу жанрдык формага айланды. Анын 60-70-жылдар ичинде жараткан аңгемелери адабий сындын көңүлүн өзүнө буруп, түрдүү резонанстар жаратууга мүмкүндүк берген.

Адабият сынчысы К.Даутов «Аңгеменин чебери» аттуу макаласында: «А.Саспаев биринчи жарыялаган аңгемелеринен тартып эле чыгыш классикалык адабият мектебинен нускалуу салттарынан өтүп келип, анан орус классикасы менен кыргыз адабиятын өздөштүрө баштаган жазуучу катары көрүнгөн. Анын чыгармаларында чыгыш классикасын элестеткен стилдик белгилердин үстөм келиши менен өзгөчө колориттин болушу ушул жагдайлар менен шартталат, албетте, бул жазуучунун турмуштук биографиясы, жекече чыгармачылык тагдыры себепкер болуп отурат.Ушул жерде атайылап эскерте кетчү бир маселе бар: Ошол бир жазуучунун чыгармачылык тажрыйбасынан түрдүү адабий мектептердин салттарынын сезилиши бири-бири менен жуурулушпай түртүшүп турган стилдик өйдө - ылдыйлыкты, мозаикалык көрүнүштү жаратпайт. «....»Мындай өзгөчөлүк кыргыз прозасында жалаң гана А.Саспаевдин аңгемелеринен учурайт жана бул анын биздин адабиятка алып келген бир жаңылыгы, артына түшүрүп жаткан оригиналдуу изи»-деп белгилеген. [Даутов, К. Жаңы чектерге // Адабий сын макалалар. -Ф.: 1980.-192-193-б. ]

Эгерде жазуучу 50-60-жылдар аралыгыгында негизинен аңгеме жанрында активдүү аракеттерди көрсө, ал эми 70-жылдардын орто ченинде өзүн эпикалык көлөмдүү арымдагы жазуучу экендигин далилдеп, роман жанрында өз мүмкүнчүлүгүн сынап көрдү, мындай демилге кийинки мезгилде дагы улантылды. Анын мындай тажрыйбалары адабий сында түрдүү көз караштардын жаралышын шарттаган.

А.Саспаевдин чыгармачылык өнөрканасында котормочулук өнөр чоочун эмес. Бул багытта ал бир катар тажрыйбаларды жараткан. Атап айтканыбызда ал Ахмед бинни Махмуд Югнеки, Ш.Убейд, М.Нуаме, Ф.Сверидов, М.Приев өңдүү акын-жазуучулардын, ал эми 2002-жылы кытай окумуштууларынын кыргыз адабияты-маданияты, тарыхы жөнүндөгү булактарын которуп жарыялаган. «Чыгышка назар»аттуу эмгеги анын котормочулук өнөргө жасаган чыгармачылык мамилесин даана көрсөтөт.

Жазуучунун айрым аңгемелери, романы боюнча рецензиялар, обзордук макалалар жазылган. Маселен, адабиятчылар А.Акматалиевдин, К.Артыкбаевдин, К.Асаналиевдин, К.Даутовдун, Б.Кебекованын, А.Медетовдун, Б.Шамшиевдин, К.Эдилбевдин сын макалаларында ар кандай мазмундагы, позициядагы фрагменталдуу пикирлер айтылган, бирок, мына ушундай көп кырлуу стихиядагы чыгармачыл инсандын кыргыз адабиятынан алган ордун, анын көркөм эстетикалык маанисин толук жана системалуу түрдө ачып жана аныктап берүү иши улуттук адабият таануубуз тарабынан тиешелүү деңгээлде каралбай, чыгармачылыгы боюнча системага салынган, бүкүлү иштелген эмгек алигиче изилденбей келди. Азыркы улуттук адабияттаануунун алдындагы кечиктирилгис жана актуалдуу маселелердин бири мына ушул оригиналдуу чыгармачыл инсандын, жазуучунун улут адабиятынын тарыхындагы ордун, көркөм өнөрканасынын өзгөчөлүктөрүн, сүрөткерлик жекечелигин ачуу, системалуу кароо болуп саналат.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Илимий иштин темасы Ж.Баласагын атындагы Улуттук университетинин филология факультетинин илимий иштеринин тематикалык планы менен дал келет.

**Изилдөөнүн максаты** Саспаевдин өмүрүн, эмиграnттык, акимчил-буйрукчул системанын, идеологиялык кысымдардын шартындагы чыгармачылык тагдырын, анын поэтикалык жана прозалык изденүүлөрүнүн, тажрыйбаларынын маани-мазмунун ачуу, улуттук көркөм сөз өнөрүнүн кыймылындагы ордун белгилөө, жазуучулук оригиналдуулугун, жекечелигин жана сүрөткердик чеберчилигин аныктоо, анын көркөм өнөрканасындагы адабий кубулуштарга объективдүү баа берүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

- А.Саспаевдин инсан жана жазуучу катарында калыптанышындагы саясий-идеологиялык, социалдык-турмуштук жана маданий, адабий-эстетикалык өбөлгөлөрдү ачуу;
- сүрөткердин алгачкы поэтикалык тажрыйбаларынын идеялык-тематикалык багытын, көркөмдүк касиеттерин аныктоо;
- жазуучунун чыгармачылык изденүүлөрүнүн алдыңкы реалисттик салттарга таянган жана вульгардык тенденциялуу адабий сын тарабынан кабыл алынышын жана анын себептерин, натыйжалары менен таасирлерин ачып көргөзүү;

- аңгеме жанрын өнүктүрүүдөгү сүрөткердин изденүүлөрүн жана табылгаларын, алардын улуттук адабий процесстен алган маани-мазмунун аныктоо;
- жазуучунун көркөм изилдөөдөгү оригиналдуулугун жана жекечелигин ачуу;
- сүрөткердин сюжет, композиция түзүү, сөз менен иштөө маданиятын аныктоо;
- эпикалык формада көркөм ой жүгүртүүдөгү тажрыйбаларынын көркөм-эстетикалык даражасын териштирүү;
- жекече жазуучулук стилинин бөтөнчөлүктөрүн аныктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** А.Саспаевдин көркөм-эстетикалык өнөрканасынын сырлары адабият таануунун призмасына салынып, биринчи жолу системалуу түрдө изилдөөгө алынгандыгында жана алардын маани-маңызы ачылгандыгында болуп саналат. Сүрөткердин акындык, аңгемечилик, мемуарчылык, романчылык өнөрлөрү менен изденүүлөрү туташ каралып, алардагы айырмачылыктар менен жалпылыктар аныкталгандыгында. Улуттук адабияттын идеялык-тематикалык, жанрдык-стилдик, көркөм-эстетикалык жактан байышында жана адабий процесстин жаңылашында анын кошкон салымы, жараткан тажрыйбаларынын тарыхый-адабияттык маанисикеңири изилденүүгө алынгандыгында.

**Илимий иштин практикалык мааниси.** Жазуучунун бир катар чыгармалары орто мектептердин, атайын жана жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин окуу программаларына киргизилген. Демек, изилдөөнүн жыйынтыктары мектеп мугалимдерине, жогорку окуу жайлардын филология факультетинин суденттерине, аспиранттарына, «Кыргыз адабиятынын тарыхы» курсунда анын портреттик бөлүмдөрүн окутууда колдонулушу мүмкүндүгү менен бааланат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**
- А.Саспаев жанрдын табиятын чеберчилик менен өздөштүргөн, анын жаңы көркөм-эстетикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейткен чебер калемгер;
- А.Саспаевдин аңгемелеринде реализм, романтика менен психологизм чебер айкалыштырылган;
- А.Саспаевдин инсан жана сүрөткер катарында калыптанышында Кытай жергесиндеги тарыхый-саясий, социалдык-маданий шарттар негизги роль ойногон;
- жазуучулук шыгынын ойгонушуна жана өнүгүшүнө уйгур, казак, кыргыз жана орус адабияттарынын салттары таасир тийгизген;

- анын чыгармаларында эмигранттын саясий-социалдык тагдырынын, моралдык –психологиялык кебетесин көркөм чагылдырууда негизги объекти катары алынган учурлар арбын;
- мемуардык чыгармаларды жаратуу анын прозалык ишмердүүлүгүндө негизги ролду ойногон;
- аңгеме жаратуудагы алгачкы кадамдарында оош-кыйыш көрүнүштөргө кабылгандыгын чыгармачылык калыптануунун мыйзамченемдүү көрүнүштөрүнүн бири катары белгилөөгө болот;
- роман жанрындагы жеке аракеттеринен улуттук жана союздук адабий процесстеги көрүнүштөр, тенденциялар менен үндөштүгү ачык көрүнөт.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы:**

А.Саспаевдин өмүрү, чыгармачылыгы жана конкреттүү көркөм чыгармаларын талдоо, систелмалаштыруу жана жалпылаштыруу изденүүчү тарабынан жекече иштелди. Илимий-теориялык эмгектерди, жазуучунун чыгармаларын терең окуп-үйрөнүү аркылуу ал боюнча жыйынтыктар, корутундулар жана сунуштар изденүүчүнүн жеке салымы болуп саналат.

**Диссертациянын апробацияланышы.** Изилдөө Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин «Салыштырма лингвистика жана адабият» кафедрасында аткарылып, КУУнун кыргыз филологиясы факультетинин «Салыштырма лингвистика жана адабият» жана «Кыргыз адабияты» кафедраларынын биргелешкен кеңешмесинде, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун кыргыз адабияты бөлүмүндө жана К.Карасаев атындагы БГУнун кыргыз адабияты кафедрасынын жыйындарында талкууланып, коргоого сунуш кылынган.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы.** Диссертациялык иш боюнча 1 монография, 21 макала жарыяланып, ЖАК тарабынан сунуш кылынган илимий жыйнактарда жана журналдарда чагылдырылып, республикалык илимий-практикалык конференцияларда докладдар түрүндө баяндалды.

**Изилдөөнүн структурасы.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч главадан, эки параграфтан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну**

pdfelement

**Киришүүдө** теманын негизделиши, актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты, милдеттери, методологиялык негизи, жаңычылдыгы, коргоого коюлуучу жоболор аныкталып, илимий-практикалык баалуулугу жана апробациясы белгиленди.

**Биринчи глава «Аман Саспаевдин инсан жана сүрөткер катары калыптанышына таасирин тийгизген факторлор»** деп аталат. Адабият таануу илиминин жана адабий сындын алдында турган олуттуу жана татаал проблемалардын бири тигил же бул көркөм сөз өнөрүнүн чеберинин инсандык жана чыгармачылык жактан кандай кыртышта өсүп-өнгөнүн, анын калыптанышына жана жетилишине кайсы өбөлгөлөр чечкиндүү таасир тийгизгенин, маанилүү роль ойногонун аныктап, алардын башын ачып берүү болуп саналып келет. Анткени кандай гана палитрадагы, чоңдуктагы акын жазуучу болбосун ал жок жерден пайда боло калбайт. Даяр түрүндө адабият айдыңына коно албайт, окурмандын калың катмарын тамшандырган чыгармаларын дароо жазып жибербейт. Себеби улуттук адабий-көркөм кыймылдын алдыңкы сабында турган тигил же бул сүрөткердин чыгармачылык ишинин ойгонушуна жана ойдогудай жетилишине көмөк көрсөткөн, ага түздөн-түз же кыйыр таасир тийгизген объективдүү жана субъективдүү факторлор болот. Мындай тарыхый, саясий-социалдык, маданий жана эстетикалык өбөлгөлөрдүн анын граждандык-инсандык жана жазуучулук жактан калыптанышына кылган кол кабышынын жана таасирлеринин ролун, маани-мазмунун аныктамайын коюлган тарыхый-адабияттык жана илимий-теориялык маселелердин жөн-жайын жетишерлик түшүндүрүүгө мүмкүн эмес. Сүрөткердин биографиясына, андагы орчун окуялар менен кырдаалдарга саресеп салып, ага илимий көз чаптыруу деген сөз, түпкүлүгүндө, анын жазуучулук дидаарын, талантынын оош-кыйыштарын, башкаларга окшобогон бөтөнчөлүктөрүн, эстетикалык көркөм көз караштарынын, чыгармачылык диалектикасын аныктоого шарт түзөт.

Экинчиден, кандай гана масштабдагы акын-жазуучу болбосун эртедир-кечтир жараткан чыгармаларында өзүнүн өмүр-баяндык материалдарын, көрүнүштөрүн адабий туундуларында чагылтпай койбойт. Сүрөткердин көз караштарынын, позициясынын, чыгармачылык маанайынын кыймылын, мазмунунун багытын, жалпы эле эволюциясын караштыруу өз кезинде анын социалдык, нравалык жана эстетикалык жагдайларын да тастыктоого мүмкүндүк берет. Көркөм сөз чеберинин жеке биографиясын иликтөө ириде эстетикалык максатка баш ийдирилиши керек, адабий ишмердүүлүк



pdfelement

менен анын байланыштарын, бири-бирине тийгизген таасирлери, чыгармачылык чеберчиликтин сырларын өздөштүрүү кыймылын, жаратмандык жекечеликтеринин жөн -жайын чечмелөөгө өбөлгө түзөт.

А.Саспаевдин өмүр баяны жана адабий тагдыры кыргыздын көптөгөн акын-жазуучуларынан айырмаланып турат. Ал тарыхый, саясий-социалдык, маданий жагынан өзгөчөлөнгөн коомдук системада жашап, тарбияланып, ошол чөйрөдө гражданин жана сүрөткер катарында калыптанган, андан соң башка коомдук турмушка кайрылып келип, өзүнүн сапаттуу чыгармаларын жараткан. Мындай адамдык жана жазуучулук тагдыр кыргыз жазуучуларынын эч кимисинен учурабайт. Бул маалыматтар жазуучунун эскерүүлөрүндө, күндөлүктөрүндө, каттарында, айрым көркөм чыгармаларында жетиштүү түрдө чагылдырылган.

Кыргыз жергесине совет бийлиги орноп, адамдардын социалдык тегине, таптык белгилерине өзгөчө маани менен карап, ошол саясий категориянын призмасы менен аныктап, аларга коомдон орун бөлүштүрүү тартиби күчүнө кирип жаткан мезгилде өзүнүн атасы социалдык жагынан кедей эле жамаатка киргени менен энесинин оокаттуу үй-бүлөдөн болгондугу өзгөчө мааниге ээ болгон. Болочок жазуучу атасынан эрте ажыраганы менен Кыргызстанда колхоздоштуруу компаниясы колго алынган маалда коомдон четтетилүү аракетине туш болушат. Кара курсактын айынан ар кандай кыйынчылыкка бет келишет, жан сактоонун аргасынан улам такыр башка коомдук система үстөмдүк кылып турган жаңы чөйрөгө бет алууга мажбур болушат. Бирок ал жерде деле турмуштан чекеси жылыбаган болочок жазуучунун үй-бүлөсү ар кандай драмалуу мезгилди өз башынан өткөрүшөт. Мазмуну жана формасы, алдына койгон максаттары жагынан бири экинчисинен кескин айырмаланган эки башка коомдук системанын адам баласынын тагдырына жасаган өгөй мамилелеринин таасири анын жан дүйнөсүнө, дүйнө таанымына, акырында анын граждандык жана маданий жактан өзүнүн тамгаларын баспай койгон эмес.

Кытай өлкөсүндө өткөн кылымдын 30-жылдарынын ортосунда орун ала баштаган коомдук-саясий окуялар уйгур, казак, кыргыз сыяктуу майда калктардын турмушуна олуттуу өзгөрүүлөрдү киргизген. Айрыкча бул элдердин өкүлдөрүнүн сабатсыздыгын жоюу боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралардан. А.Саспаев да ал кубулуштардан обочо калган эмес. Анын уйгур мектебинен сабатын ачышы, таалим-тарбия алышы, түпкүлүгүндө, болочок сүрөткердин инсан жана

адабиятчы катары калыптанышында алгачкы олуттуу роль ойногон факторлордон болуп калган. Анткени, уйгур, казак маданиятынын, адабиятынын салттары менен жакындан таанышууга, алардын таасири менен чыгармачылык ишке көнүгүү мүмкүнчүлүгү ачылган.

Көпчүлүк акын-жазуучулардай эле А.Саспаев да өзүнүн адабий ишмердигин кабарчылыктан баштаган. Журналистикага болгон кызыгуунун айынан ал өзүнүн айлана-чөйрөсүндө орун алып жаткан коомдук-социалдык, маданий жаңылыктар жөнүндө чакан макалалар жазып, басма сөз органдары менен чыгармачылык байланыш түзүүгө жетишет. Бул учур тууралуу өзү мындайча эскерет: «1944-жылы Чыгыш Туркестан деген мамлекет курулуп, СУАРдагылар Кытайга каршы чыгыппы, айтор ушундай революциялык маанайдагы өзгөрүүлөр болуп калды. Мен ал кезде айылда элем. Кулжадан кайра Текеске көчүп келдик. Сабатсыздыгым бир аз жоюлуп, 16-17 жашка келип калгам.

Ошол кезде «Инклаби шаркый Туркестан»- «Төңкөрүш таңы» деген казак тилинде чыгып, бул басылма Гоминданга каршы Кулжадан чыгып турду. Өзүмдөн өзүм эле ушул гезитке жаңы көпүрө, жол салган, мектеп курган байларды мактап жазып, жөнөтүп турдум. Алар чыкканда сүйүнгөнүмдү айтпа, ансайын жазгым келет. Биринин артынан бири гезит бетине жарыяланып, казакча да, уйгурча да жаза баштадым. Бул эки тил өз эне тилимдей болуп калды, анткени ошол эки тилде окудум да. Бир күнү сенин жазганың жакшы экен деп кат келди. Сени Мунгул-Күрө уезди менен Текес уездине кабарчы кылып белгиледик деген билдирүү келди. Ошондон соң, эки уездде болгон жаңылыктарды кабарлап турдум» . [Саспаев. А. Шашкедеги кара туман // Ала-Тоо, -1991. -№3. -5-б.]

Болочок жазуучунун жеке биографиясында жана чыгармачылык шыгын ойготуп, бир багытка түшүшүнө, граждандык жактан жетилишине Кулжа шаарынын ролу чоң экендигин белгилеп өтүүгө тийишпиз. Бул калаа ошол мезгилде Чыгыш Туркстан республикасынын борбору катары таанылып, саясий, илимий жана чыгармачылык ишмерлердин башын коштурган жайга айланган болчу. Казак жана уйгур тилинде басылмалар жарыяланып, маданий жана агартуу очоктору кадимкидей жанданып, коомдук турмушка активдүү аралашып жаткан. Мына ошондой окуялардын бири Кулжадагы «Билим юрти» деген аталыштагы жаңы окуу жайы ачылып, анда А.Саспаев өзүнүн билимин улантууга аракет кылат. Бул жерде А.Саспаевдин коомдук-гуманитардык билимдерге болгон кызыгуусу ойгонот, ал бара-бара активдүү аракетке өтөт, жазуучулук өнөрдү

pdfelement

ойдогудай алып кетиш үчүн аба менен суудай зарыл болгон илим багыттары менен жакындан таанышууга мүмкүнчүлүк алат.Мындай жагымдуу кырдаал мурда газеталык кабарларды жазуу менен алектенип жүргөн А.Саспаевдин адабий ишмердигинин ойгонушуна, атайын илимдер менен каныгышына өз таасирин тийгизген.

1949-жылы Кытайда бийлик башына коммунисттик партиянын келиши жана коомдун бардык сфераларында орчундуу жаңылыктардын орун ала башташы А.Саспаевдин инсан жана сүрөткер катарында калыптанышында орчундуу роль ойногон, анын жан дүйнөсүнө,карманган позициясына, турмуштук философиясына олуттуу таасир тийгизген, чыгармачылыгына өзүнчө мүнөз берген объективдүү өбөлгөлөрдүн биринен болуп саналат. Ал башка өз замандаштарындай эле коомдук, саясий-идеологиялык жана социалдык жаңы тартиптин акыйкаттуулугуна жана келечегине кадиксиз ишенген, өз тагдырын, чыгармачылык көз караштарын социализмден бөлүп карай албаган коомдун мүчөсүнө айланат.

А.Саспаевдин инсан жана сүрөткер катарында калыптанышында өзгөчө мааниге ээ болгон факторлордун бири анын Пекиндик мезгили болуп саналат. Себеби, 1952-жылы Пекинде Борбордук улуттар институту ачылат, ага Кулжада орто мектепте мугалимчилик кылып жүргөн, газетага жазган кабарчылык макалаларды, казак жана уйгур тилдеринде өз алдынча поэтикалык тексттерди жаратуунун камын көрүп,бир катар поэтикалык чыгармалары басма сөз беттерине жарыяланып калган А.Саспаевдин барып билим улантуусуна ыңгайлуу шарт түзүлөт. Пекиндик этап жазуучунун жалпы аң-сезимине, интеллектуалдык дүйнөсүнө, саясий-философиялык, нравалык жана психологиялык жактан өсүшүнө позитивдүү таасир берип тим болбостон, анын сүрөткер жана журналист катарында өсүшүнө да теориялык-практикалык жагынан кол кабыш эткен, чыгыш адабияттарынын классикаларынын үлгүлөрүн, өрнөктүү салттарын үйрөнүүгө, өздөштүрүүгө реалдуу шарт түзгөн. Социалисттик реализм методунун принциптеринде иштелген советтик адабияттын үлгүлөрү менен таанышууга, ага таасирленүүгө да жол ачкан. Мындан сырткары А.Саспаевдин 1962-жылы өзүнүн туулган мекени Кыргызстанга көчүп келиши, Т.Сыдыкбеков өңдүү жазуучулар менен тыгыз алакада болушу, жазган чыгармаларынын кыргыз тилиндеги басылмаларга дембе-дем жарыялоого мүмкүнчүлүк алышы да маанилүү өбөлгөлөрдөн болуп калган.

**Изилдөөнүн экинчи главасы «Чыгырмачылыктагы алгачкы изденүүлөр жана натыйжалар» деп аталат.**

Жазуучулук тагдыр ар кандай чыгармачыл инсанга түрдүү жолдор менен келет. А.Саспаевдин чыгармачылык жолунда газета-журналдарга кабарчылык кылуу маанилүү учур болгон. Анткени ал кандайдыр бир деңгээлде сөз менен иштөө мектебинин, чыгармачылыктагы таалим-тарбиячысынын да ролун аткарган. Кабарчылык болочок жазуучуга чоң жана коомдук актуалдуу теманы жөнөкөй, турмуш-тиричиликтик майда барат тема менен идеялардан коомдук жана масштабдуу идеяларды бөлүп кароого,саясий-социалдык мааниси бар көрүнүштөрдү ажыратып - аңдоого жана чагылдырууга көнүктүргөн, жол көрсөткөн. Ал эми мындай сапат журналисттер үчүн гана эмес, кара сөздүн каймагын калпыган жазуучу үчүн да маанилүү касиет экендиги белгилүү. Жазуу өнөрүнө машыгуунун өзү, ал боюнча аракеттердин активдүү багыты бара-бара аны оригиналдуу чыгармаларды жаратууга мажбурлаган. Натыйжада, көптөгөн адабият ышкыбоздору сыяктуу эле А.Саспаев да өзүнүн адабий чыгармачылыктагы алгачкы кадамдарын ыр жаратуудан баштаган, ал поэтикалык тексттер уйгур жана казак тилдеринде чыгып туруучу басма сөз беттеринен орун алган. Анын адепки поэтикалык чыгармалары идеялык-тематикалык, көркөмдүк-образдык жагынан анча деле айырмаланып кетпеген. Анда элдик поэзиянын салттары, айрыкча көркөмдүк-образдык ресурстары, туруктуу поэтикалык мүнөздөмөлөрү, чагылдыруу ыкмалары толугу менен сакталат. Мындан сырткары адабияттын ал кездеги жаш ышкыбозунда өзүнүн сезүү-туюмдарын, элестөөлөрүн жазма адабияттын нормаларына ылайыктап берүү аракети да орун алгандыгын көрүүгө болот. Албетте, жаш талапкердин калеминен жаралган поэтикалык тексттердин бардыгы бир кылка, сыдыргыга салгандай тегиз иштелген эмес. Алардан деле ырлардын жалпы тулкусуна анчалык сиңе бербеген, коошо албай чочуркап турган саптарды, сөздөрдү жана уйкаштыктарды учуратууга болот. Атыгүл таптык күрөшкө, социализм идеяларын коргошко жана аны жайылтууга чакырган маанай да бар экендиги талашсыз. Мындай көрүнүштөрдүн тарыхый, саясий жана социалдык объективдүү себептери бар экенин унуткарууга жарабайт. Себеби Кытай өңдүү мамлекеттин коомдук түзүлүшүндө инсан жана сүрөткер катарында калыптана баштаган А.Саспаевден башкача жазууну, башкача көркөм ойлонууну талап кылуу осолдукка жатар эле. Автордун туңгуч поэтикалык чыгармалары негизинен казак, уйгур, кыргыз калктарынын элдик



pdfelement

поэзиясынын салттарынын үлгүлөрүндө жаратылса, ал эми кай бирлери китептик жазма адбияттын түздөн-түз таасиринин астында ишке ашырылган.

А.Саспаевдин чыгармачылык өнөрканасынын өр тартып жолго коюлушунда өзгөчө мааниге ээ болгон мындай бир фактор бар. Ал автордун өткөн кылымдын 40-жылдарынын ортосунан тарта бүгүнкү күнгө чейин унуткарбай узанып келе жаткан «жанры» б.а. күндөлүк жазуу ишмердиги болуп саналат. Анын күндөлүктөрү мазмуну жана формасы жагынан алганда жөн гана автордун өмүр жолунун, турмушунун айрым учурларын сыпаттаган адабий үлгүлөр, фактылар эмес, анда сүрөткердин чыгармачылык психологиясын, маанайын, багытын, көркөм ишмердигинин маанилүү этаптарын аныктап бергенге жарамдуу мемуардык эмгектер да болуп саналат.

Мемуарлар көркөм адабиятта өзүнүн спецификалуулугу менен айырмаланат. Алар эскерүүлөр, каттар, күндөлүктөр жана тарыхый-документалдык маалыматтардан туруп өзүнчө жанрдык гибриддүүлүккө ээ болгону менен анын башкы артыкчылыгы документалдуулугунда, айкындуулугунда болуп саналат. Мемуардык адабият тигил же бул сүрөткердин чыгармачылык процессин, анын көркөм ишмердигинин өзгөчөлүктөрүн жана толкундоолорун, эргүүлөрүн, алардын натыйжаларын таанып-билүүдө негизги адабий булак да болуп берет. Мына ушул жагдайдан алып караганда А.Саспаевдин күндөлүктөрү менен каттары анын адабий ишмердүүлүгүнүн калыптанышын, көркөм изденүүлөрүнүн багыттарын жана натыйжаларын аныктоодо, айрым табышмактуу көрүнгөн жагдайлардын башын ачып алууга өзүнүн жардамын берген.

Күндөлүктөрдүн алгачкы жазыла баштаган этабында автордун байкоочу жана сыпаттоочу катарында көрүнүшү, фактыларды тизмектөө, маалыматтарды карандай чүргөө демилгеси орун алат б.а. коомдук-саясий жана социалдык мааниси бар окуялар автор тарабынан жетишерлик таразаланбайт, анын позициясынан баа берилбейт, көрүнүштөр менен кубулуштар элестүү жана жандуу көркөм тил менен шөкөттөлбөйт. Бирок баяндоо манерасында чынчылдыкка, реалдуулукка умтулуу өңдүү сапаттар орун алган. Бара-бара анда прозага таандык элементтер активдүү аралаша баштаган. Күндөлүктөрүнүн айрымдарында аңгеме жанрынын атрибуттары көбүрөөк сакталып, сюжеттин элементтерин колдонушу, баяндоонун ырааттуулугу, диалог түзүү, каармандар жөнүндөгү мүнөздөмөлөрү, композициянын мыйзамдарын колдонуусу жана алардын жалпы монолиттүүлүгүнө жетишиши,



pdfelement

аңгеме жанры талап кылып турган коомдук-саясий, социалдык-нравалык проблематиканын көтөрүлүшү, көркөм конфликт түзүү аракеттери ишке ашырылып, чыгармачылык дем менен жазылган. Демек, күндөлүк жазуу иши, андан тажрыйба топтоого умтулуу А.Саспаевдин кара сөз өнөрүнө өтүү камылгаларын баштаган көрүнүштөрдөн болгон. Аны жазуучунун «Эмгек лагеринде 100 күн» деген аталышта жазылып, жарыяланган күндөлүктүн материалдары ишенимдүү көрсөтүп берет.

Мына ошол күндөлүктүн барактарында замандын, доордун образы таасын тартылат, мезгил менен чыгармачыл инсандын ортосундагы карама – каршылыктар дааналанат, учурдун жана системанын драмасы менен трагедиясы таасын элестетилет. Болочок жазуучунун эмгек лагеринде жүргөн мезгилинде жазган күндөлүктөрү айрым учурда жөн гана салттуу формада иштелген карапайым адамдын жазгандарына ыктап турса, анын айрымдарында аңгеменин, очерктин элементтери аралашып, өзүнчө ажарга ээ болуп турганын көрүүгө болот. Ал эми күндөлүктүн кай бирлери кадыресе эле көркөм адабияттын аңгеме жанрынын деңгээлинде иштелген.

А.Саспаевдин күндөлүктөрү анын биографиясындагы, жеке турмуш–тиричилигиндеги айрым окуяларды жана социалдык көрүнүштөрдү регистрациялаган летописттик материалдар эмес. Андан жазуучунун бүтүндөй прозачылык өзгөчөлүгүн, чыгармачылыктагы изденүүлөрүнүн багытын аныктай турган, барып – келип автордун сүрөткерлик чеберчилигин, жекечелигин жана оригиналдуулугун тастыктаган көркөм–эстетикалык өзөктүн жаткандыгын байкоого болот. Мемуардык эмгектеринде Кытай жергесиндеги кыргыздардын турмушу менен тиричилиги, эмигранттын образы жана психологиясы, реализм жана трагизм өңдүү идеялык-тематикалык, образдык категориялар кездешет.Анын 60-жылдардын ичинде жараткан классикалык аңгемелеринин идеялык, көркөмдүк-эстетикалык башаты, рухий өзөгү дал ушул жакта жатат жана анын чеберчилиги ушул маселелерге байланыштуу түшүндүрүлөт.

Ал прозалык чыгарма жаратуу машакатын ыр жазып жүргөн маалында эле удаалаш баштаган. Адегенде «Нургүл», «Бир жекшембиде» деген аңгемелерин жараткан. Бирок, тилекке каршы, алар басма сөз беттеринде жарыяланган эмес. Тарыхый-хронологиялык жактан алып караганда анын «Кошо жашай берет экен» аңгемеси 1956-жылы, ал эми «Владимир Ильичтин үнү» аттуу очерки 1958-жылы жарыкка чыккан. Сүрөткердин туңгуч прозаларына

байкоо жүргүзгөнүбүздө анын  мындай туундулары башка үйрөнчүк талапкерлерден сапаттык жагынан анча айырмаланбай, жаштарга таандык орток кемчиликтерге, жалпылыктарга ээ экендигине ынанабыз.

А.Саспаев Пекиндеги жогорку окуу жайда окуп жүргөн мезгилинде орус, кытай жана индия адабиятынын алдыңкы үлгүлөрү менен жакындан таанышууга, алардын көркөм-эстетикалык тажрыйбалары менен сапаттарынан таалим-тарбия алууга шарт түзүлөт. Ошол кездеги көп улуттуу советтик адабияттын традициялары жаш адабият талапкеринин чыгармачылык жактан калыптанышына олуттуу роль ойногон. Советтик адабияттын методолгиялык негизин түзгөн марксизм-ленинизм философиясы, анын методу болуп эсептелген социалисттик реализмдин принциптери бардык чындыктын ачкычы, идеалдуу нормасы катарында кабыл алынган  жана түшүнүлгөн.

**Изилдөөнүн үчүнчү главасы «Аман Саспаевдин эпикалык жанрлардагы өз алдынчалыктары жана табылгалары»** деп аталып, эки параграфтан турат. «Жазуучунун аңгемечилик өзгөчөлүгү жана чеберчилиги» деген биринчи параграфы прозачынын бул жанрдагы изденүүлөрүнө жана натыйжаларына арналган.

60-жылдар кыргыз адабиятынын бардык жанрларында сапаттык кадамдарды багынтып турган мезгилге айланган. Айрыкча прозада Ч.Айтматов, К.Каимов, Н.Байтемиров, Ш.Бейшеналиев, К.Осмоналиев, М.Гапаров, К.Жусупов өңдүү калемгерлердин изденүүлөрү  өзгөчө кубаттуу болуп,  көркөм ой жүгүртүүнүн чектерин кеңейтип, анын жаңы мүмкүнчүлүктөрүн ачып жаткан. А.Саспаев да дал ушул тенденцияга шыр эле аралашып кетти. Автордун эскерүүлөрүндөгү маалыматтарга таянсак,  ал 1962-жылы Кытай Эл Республикасынан өз мекени Кыргызстанга кайтып келгенден соң көл кылаасынын «Улахолунда»,  андан кийин киндик каны тамган  «Кең-Сууда» карапайым жумушчу, тракторист, кароолчу болуп иштеген. Бирок  көкүрөгүндө көркөм чыгарма жаратуу сезими өчпөгөн болочок жазуучу кандай гана жумушта иштебесин жазуучулук өңдүү өз максатын турмушка ашырууну аябай көксөгөн, ага бүтүндөй  жан-дилин арнаган. Бул кырдаал тууралуу ал мындай деп жазган жайы бар: «Кытайдан кайтып келгенден кийин аңгемелерди жаза баштадым, абдан кайраттанып кетсем керек. Жазып бүтөрүм менен Түкөмө жиберем, ал киши «Ала-Тоо» журналына алып барат. Үч ирет төрт-беш аңгемем басылып чыкты. Кудай жалгап эле

ишим илгери жүрүп кетти». [Мурзаев. А.  Жапакеч жазуучу // Жаңы Ала-Тоо. 2009. -№7-8.- 32-б. ]

Чынында 60-жылдардын ичи А.Саспаевдин жазуучулук тагдырын аныктаган, анын сүрөткерлик салмагын таразалаган, сүрөткер катарында өз окурмандарын тапкан мезгил болгон. Автордун «Каяша», «Чөйрө», «Татым туз», «Кара май», «Сарала ит», «Ширеңке», «Шейшеп», «Дос жана газик», «Улгайгандар», «Эски жолдо», «Тууган», «Кайрылуу», «Айылдык акындын бир күнү» өңдүү оригиналдуу иштелген адабий аңгемелери ошол учурдун туундусу болуп саналат.

«Каяша» аттуу аңгеме А.Саспаевдин алгачкы аңгемелеринин биринен болуп саналат. Ал жаш прозачылардын республикалык кеңешмесине карата «Ленинчил жаш» газетасынын 1964-жылдын 25-декабрындагы санына жарыяланган. Бир караган кишиге сыртынан өзгөчөлүктөрү анча ачыла бербеген бул аңгеме А.Саспаевдин изденгич, жаңыга жан үрөп умтулган, көркөм стихиясы боюнча эксперименттерге, реформаларга жакын турган сүрөткер экендигин көрсөтүп берүүгө жарайт.

Биздин жеке байкообузда андагы алгылыктуу көрүнүштөр төмөнкүлөр: биринчиден, А.Саспаев аңгеме жанрынын чектерин өзгөртүүгө аракеттер жасаган. Бою бир карыш, ою миң карыш келген аңгеме-этюддарды жаратууга чыйыр салгандыгы менен көңүлдү өзүнө бурат. Буга чейин кыргыз аңгемелеринде сюжет куруунун б.а.окуяларды тизмектеп, чубалжытып жазуунун көлөмдүк канондору жашап келген болсо, бул саам ал «Каяша» өңдүү аңгемелери менен мындай салттуу алкакты бузууга кадам таштады. Автордук идеяны, турмушту, адам мамилелериндеги көрүнүштөрдү, сезимдердин жана маанайлардын алмашуусун, коомдук, социалдык-нравалык маселелерди кыска, түшүнүктүү чагылдырып берүүгө мүмкүн экендигин далилдөөгө жетишти. Чынында аңгеменин мындай формалык тиби кыргыз адабияты үчүн жаңылыкка тете көрүнүш эле.

Аман Саспаевдин алгачкы аңгемелеринин ичинен пафосу, образдык кубаты боюнча айырмаланган, автордун чыныгы чыгармачыл стихиясын, башкаларга окшобогон өзгөчөлүгүн таасын чагылта алганы «Татым туз» болду деп айтсак болот. Логикалык тактыгы, көркөм чечилишин өз орду менен аякташы, психологиялык чыйралууларга бай (К.Даутов), турмуш мозаикасынын горизонтунда өлүм менен өмүрдүн элдешкис күрөшүн, өзгөчө Ата Журттан оолак жашаган адамдын оргуштаган ички сезиминдеги эркиндикке, эл – журтуна умтулуусун чагылдыруу (А. Акматалиев) өңдүү сапаттар

«Татым туз» чыгармасына мүнөздүү. Бул пикирлерге кошулуу менен биз ага төмөнкүдөй толуктоолорду киргизүүнү максатка ылайык деп эсептейбиз. Биринчиден, чыгарманын реалисттик кубаты чың. Анткени өзүнүн балалыгын, жигиттик курагын бөтөн элде, чоочун жерде өткөргөн жазуучунун акыл – эс тутумунда өзү бир кезде көргөн, туйган, аралашкан турмуш көрүнүштөрү, адам тагдырлары анын көкүрөгүн далай мезгилдер мыжыгып, түрдүү санааларга салбай койгон эмес. Өз мекенинин баркын, сыймыгын жана улуулугун адам баласы бөтөн жерде жана элде жүргөндө, сагыныч менен кусалыктын кучагында калганда сезет, баалайт эмеспи. Анын сыңарындай, эгерде автордун өзү дал ушундай чөйрөдө болбосо, анын драмасын жакындан көрбөсө, жолуктурбаса анда мындай реалисттик пафосу күчтүү, психологиялык талдоолору ишенимдүү чыгарма жарата алмак эмес.

А.Саспаев адабиятка аралашып, өз алдынчалыктуу бүткөрүлгөн аңгемелерин окурмандардын калың катмарына сунуш кылган алгачкы мезгилден тартып эле турмушту, адам тагдырын жеңил-желпи түшүндүрүүгө каршы принцибинен жазбай келе жатат. Ошону менен катар ал чыгармаларды жазууда обу жок татаалдаштырууга да дилинде макул эмес. Реалдуу чындык кандай жөнөкөй болсо, ал ошол калыбынан бузбастан, анын тереңиндеги татаалдыкты көркөм изилдөөгө чакырык таштап келе жатат.

Бөтөн эл турмушу, айрыкча Кытай жергесиндеги кыргыз өңдүү майда калктардын маанайы, тагдыры, драмасы менен трагедиясы анын «Татым туз», «Ширеңке» өңдүү мыкты иштелген аңгемелеринде гана эмес, башка көптөгөн чыгармаларынын мазмунунан да орун алып келе жатканы бекеринен эмес. Экинчиден, А.Саспаев Ата Мекендин эпикалык образын жаңыча толуктады. Туулуп - өскөн жердин сыйкырдуу кубатын, тартылуу күчүн дал ошол маанисинде, бийиктигинде түшүнгөн автор окурмандарын да дал ошондой даражада түшүндүргөнгө аракеттенди. Жазуучу үчүн туулуп - өскөн жер, Ата Мекен абстрактуу түшүнүк эмес, ал конкреттүү поэтикалык жагынан көп кырдуу образ. Үчүнчүдөн, автордун ар бир элементке олуттуу маани бергени, символика, деталь жана документалдуулуктун өз ара айкашып, толук гармония жараткандыгы анын жекечелигин көрсөтөт.

60-жылдардын ичинде жараткан аңгемелеринин ичинен А. Саспаевдин «Сарала ит» чыгармасы вульгардык- социологиялык сындын соккусуна дуушар болгон (К.Артыкбаев, Б.Кебекова). Жазуучунун учкул кыялынын чабытынан жаралган,

жалпылаштырылган көркөм философиялык образ менен каныктырылган бул чыгарма адабий чөйрөдө учурунда түрдүү пикирлерди жараткандыгына карабастан, ал соңку мезгилде орто мектептердин адабият курсунда милдеттүү түрдө окутулуп келе жатат.

Жазуучунун алгачкы аңгемелеринде эле башкалардан айырмаланган сапаттардын бири катарында анын элеттик прозанын накта чарчабас өкүлү экендигин көрсөтүүгө болот. Элет турмушу, психологиясы анын жазып бүтпөс темасына, инсандын чыгармачылык натурасынын мазмунун аныктаган стихияга айланып калган. Анын бул багыттагы изденүүлөрү менен табылгаларын, сүрөткердик оригиналдуулугу менен индивидуалдуулугун, жеке сүрөткерчилик чеберчилигин автордун «Тууган» жана «Мүрзөгө чейинки жолдо» аттуу аңгемелери айкын далилдеп берет. Биринде карапайым адамдардын тиричиликтеги турмуштук-социалдык, нравалык жагдайлары изилденүүгө алынса, экинчиси сүйүү темасынын маселелерин өз ичине камтыйт. Жазуучу катарында Аман Саспаевди кызыктырган нерсе, адамдын психологиясынын өзгөрүү кыймылына байкоо жүргүзүү болгондуктан, тууганына жолуккандан кийинки Эрмектин, карыган кездеги Күйкө менен Султан абышканын ички дүйнөсүндөгү толгонууларын реалдуулуктун негизинде ачып берет.

Прозачынын чыгармаларынан «Шейшеп», «Дос жана газик», «Жашоо жөндөмү» өңдүү аңгемелеринин өздөрүнчө көтөргөн көркөм-эстетикалык жүгү, адамдардын мүнөздөрүн ачууда оригиналдуу ыкмаларды чеберчилик менен пайдалангандыгы, жазуу манерасы жагынан айырмаланган адабий фактылардын катарында турат. Аларда жазуучунун өнөрканасында орун алган жакшынакай саамалыктар өрчүтүлөт. Академик А.Акматалиев адилет белгилегендей «буларда да терең психологизм, назик лиризм, татаал философия өкүм сүрөт. Бийликтеги чиновник менен жөнөкөй адистин психологиясы, дүйнөгө көз карашы, кабылдоо эстетикасы, мамилелери, жашоонун кызыктыгы, келишпес күрөшү, боорукерлиги, адамгерчилиги, меймандостугу, турмуштан адашып түз жолго түшүшү, жаратылыштын мээрмандыгы, сулуулугу, кооздугу жана башкалар камтылган». [Акматалиев.А. Чебер аңгемечи Аман Саспаев // Заман Кыргызстан.- 2000. -25-февраль]

Чынын айтуу керек, А.Саспаевдин 60-жылдардын ичинде жазган аңгемелеринин бардыгы эле ойдогудай иштелген эмес. Алардын ичинде деле чала бүткөрүлгөндөрү, сюжеттик келкиликтерге, баяндоонун очерктик ыкмасына салынып жазылгандары, адам

дүйнөсү толук ачылбагандары, поэтикалык-образдык жагынан аксагандары жолугат. Андай чыгармаларына «Ажыроо», «Карамай», «Айылдык акындын бир күнү» өңдүү аңгемелерин киргизсек болот.

70-жылдар ичинде А.Саспаев аңгеме жанрынын үстүндө мурдакыдай жан үрөп, айрыкча активдүүлүктү көрсөтпөсө да, аңгеме жанрынын тематикасына, образдар системасына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө аракеттерди жасагандыгына күбө болобуз. Анын «Прометей» жана «Зевс», «Гефест» аттуу аңгемелеринде кыргыз адабиятында биринчи жолу жазуучунун байыркы гректердин мифологиясына жасаган мамилеси, аны өзүнчө иштеп чыгып, ага кандайдыр кыргызча өң-түс, маани берүүгө кылган аракети жатат.

А.Саспаевдин соңку аңгемелеринин ичинен өзүнүн көркөм-эстетикалык ажары, философиясы, көтөргөн проблемаларынын актуалдуулугу боюнча айырмаланганы «Каныкейдин алтын билериги» аттуу чыгармасы болуп саналат. Бул жазуучунун кыргыз эл оозеки чыгармаларынын эстетикасына, эпикалык салттарына аң-сезимдүү кайрылган биринчи чыгармасы. Фольклордук мотивдерге, образдарга жана идеяларга болгон кызыгуу жазуучуда 70-жылдар ичинде ойгонсо да, ал «Манас» өңдүү уникалдуу эпикалык мурастын структурасынан алып чыгарма жаратып көрбөгөн. 80-жылдардын ортосунда жазылган бул аңгеме өзүнүн духу, пафосу, көркөм-эстетикалык мааниси, иштелиши жагынан алып караганда автордун чыгармачылык чабытынын жаңы мүмкүнчүлүктөрүн ачкан, аныктаган адабий туундуга айланган.

**Экинчи параграф «Аңгемеден романдык ойлоо формасына карай»** деп аталат. Эгерде 60-жылдардын ичинде А.Саспаев өзүнүн чыгармачылык жактан шыгын, көркөм стихиясын, сүрөткерлик жекечелигин прозанын аңгеме өңдүү жанры менен ачып, анын мүмкүнчүлүктөрү менен аныктап, окурмандар журтуна чебер аңгемечи сымалында таанылса, ал эми 70-жылдардын ортосунан тарта романчы катарында өзүн көрсөтүү аракетин жасады. 60-70-жылдарда коомдук өнүгүштүн өзү аябагандай татаалдашып, анда ички жана сырткы карама-каршылыктар күчөп, накта эпикалык, романдык мазмунга ээ болуп жатканы жана бул тарыхый-социалдык процесстерге кыргыз прозачылары кайдыгер карабаганын, айрыкча ал процесс 70-жылдардын аягында 80-жылдардын башында активдешкен формага өткөнүн ошол кездеги жарыяланган романдардын мисалынан учуратууга мүмкүн.

Аталган мезгилде Т.Сыдыкбековдун «Сыр ачуу», «Курбулар» С.Өмүрбаевдин «Өзгөргөн өрөөн», «Көк жайык», Ж.Мавляновдун

«Бийиктик», «Жаңы таң», Ш.Абдрамановдун «Дыйкандар», «Күлазык», К.Сактановдун «Адат азабы», К.Өгөбаевдин «Ак таңдай», Ө.Даникеевдин «Көз ирмемдеги өмүр», К.Акматовдун «Мезгил», М.Мураталиевдин «Сары кар» аттуу романдары окурмандардын колуна тийди. Мындай көрүнүш анын көркөм өнөрканасында идеялык-тематикалык, проблемалык жана жанрдык планда өзгөрүүлөргө баруу демилгеси жашап жаткан, автордун романдык ой жүгүртүүгө өтүү кадамына дем берди..

Жазуучунун «Сагын» аттуу романынан айрым фрагменттер 1974-жылы «Ала-Тоо» журналынын №8 санына жарыяланды. Мындан көп өтпөй, роман бүткөрүлгөн вариантында 1977-жылы «Кыргызстан» басмасынан «Парторг» деген ат менен жарыкка чыга келди. Чыгарма адабий коомчулуктун колуна тийгенден соң ал көп узабай сын тарабынан кепке тартылып, ар түрдүү пикирлердин жаралышына (К.Рысалиев, К.Даутов, Б.Шамшиев, Ж.Таштемиров, К.Асаналиев) себепкер болду.

Жазуучу бул романында «Миң-Булак» совхозунун партуюмунун секретары Сагын Тагаевдин образы аркылуу материалдык турмуш менен санаа-сезим ортосундагы көп кырдуу байланыштарды ачып берүүгө, эл үчүн эмгектенген айылдык коммунисттердин иш аракеттерин жыйынтыктап чагылтууга аракеттенген. Ошондой эле чыгармада чыныгы сүйүү деген эмне, драмалуу тагдыр деген кайсы деген маселелер да тикесинен коюлат жана чечмеленүүгө алынат. Чыгарманын социалисттик реализм методунун духунда жазылышы, турмуш жана адам тагдырынын көрүнүштөрүн типтештирүү, башкы каармандыи идеялаштыруу, көтөрүңкү пафосто баяндоо өңдүү жагдайлар бул романда ачык эле жолугат.

Романдын алгачкы варианты автор тарабынан оңдолуп, түзөтүлүп, тиешелүү редакциялоолордон соң кийинчерээк «Тоо чабалекейи» (1989) деген аталышта жарык көрдү. Мында деле негизинен «Парторг» романындагы сюжет сакталат. Чыгарманын образдар системасы толук катышат. Бирок, автор романдын кийинки вариантын жаратууда сюжетке, эпизоддорго, каармандарга олуттуу, чыгарманын жалпы көркөм-эстетикалык, идеялык пафосун көтөрүүгө кол кабыш кыла турган бир топ элементтерди, деталдарды кошумчалаган.

А.Саспаевдин роман формасында көркөм ой жүгүртүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн чыгармачылык менен активдүү өздөштүрүп жатканын анын «Шашкедеги кара туман» аттуу чыгармасы белгилүү даражада далилдей алат. Автобиографиялык бул романдын

фрагменттери «Ала-Тоо» журналынын 1991-жылдагы №3 санына жарыяланып, 2012-жылы өзүнчө китеп болуп басылып чыкты. Роман окурмандын жазуучунун жеке тагдырына, анын инсан жана сүрөткер катарында калыптанышына таасир кылган окуяларга, кырдаалдарга болгон кызыгуусун чакырат. Мезгилдин жана доордун эпикалык картинасын, атмосферасын масштабдуу жана реалисттик планда чагылдырууга активдүү аракеттенүүсү анын романдык ойлоонун жаңы горизонтторун багындырууга ишенимдүү кадам таштаганынан кабар берет.

**Изилдөөнүн корутунду бөлүмүндө** главаларда, параграфтарда коюлган проблемалар боюнча кыскача жыйынтыктар чыгарылды, айрым сунуштар берилди. Ишибиздин жыйынтыгында төмөнкүдөй корутундуга токтолдук.

- Жазуучу 7-8 жаштан тарта уйгур, казак мектебинде окушу,бул калктардын адабияты менен маданиятынын салттарын акырындап өздөштүрүшү чыгармачылык ишке тартылуу жана көнүгүү мүмкүнчүлүктөрүнө шарт түзгөн;
- А.Саспаевдин адабий чыгармачылыгы кабарчылыктан башталган. Журналистикага болгон кызыгуунун айынан ал өзүнүн айлана-чөйрөсүндө орун алып жаткан коомдук-социалдык, маданий жаңылыктар жөнүндө чакан макалаларды жазып,басма сөз органдары менен чыгармачылык байланыш түзүүгө жетишет. Калемгер алгач чакан кабарлар менен макалаларын уйгур жана казак тилдеринде жазып, калемин төшөлткөн;
- 1949-жылы Кытайда бийлик башына коммунисттик партиянын келиши жана коомдун бардык сфераларында жаңылыктардын орун ала башташы А.Саспаевдин инсан жана сүрөткер катарында калыптанышында орчундуу роль ойногон, анын жан дүйнөсүнө, карманган позициясына, турмуштук философиясына олуттуу таасир тийгизген,чыгармачылыгына өзүнчө мүнөз берген объективдүү өбөлгөлөрдүн биринен болуп саналат;
- А.Саспаевдин 1962-жылы Кыргызстанга кайтып келиши, Т.Сыдыкбеков өңдүү жазуучулар менен тыгыз алакада болушу, жазган чыгармаларынын кыргыз тилиндеги басылмаларга дембе-дем жарыялоого мүмкүнчүлүк алышы да маанилүү өбөлгөлөрдөн болгон;
- Улуттук адабияттын идеялык-тематикалык, жанрдык-стилдик, көркөм-эстетикалык жактан байышында жана адабий процесстин жаңылашында анын кошкон салымы зор;

pdfelement

- А.Саспаев аңгеменин алкагын кеңейтип, жанрдык чектерин өзгөртүүгө аракет жасады, кыска аңгеме-этюддарды жаратууга чыйыр салды;
- Жазуучу аңгеме жазууда символикага, подтекстке маани берген;
- А.Саспаевдин аңгеме жазуудан романдык ойломго өтүүдөгү чыгармачылык жолу татаал болуп, тынымсыз изденүүнүн натыйжасында роман формасын өздөштүргөн;
- Алгачкы “Парторг” романы орто романдын катарында болгону менен соңку «Шашкедеги кара туман» автобиографиялык чыгармасы бул жанрга кошкон салымы болуп калды.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:**

1. Кудайбергенова З.С. Аман Саспаевдин прозачылык изденүүлөрү [Текст]: монография. / З.Кудайбергенова. – Бишкек, 2012. – 160 б.
2. Кудайбергенова З.С. Айтматов менен А.Саспаевдин аңгемелериндеги адабий паралелддер [Текст] / З.Кудайбергенова // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. - 2008. - №3 .- 132-135-бб.
3. Кудайбергенова З.С Аман Саспаевдин аңгеме жазуудагы өзгөчөлүгү жана козгогон проблемалары [Текст] / З.Кудайбергенова // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. - 2008. - № 4. - 135-140-бб.
4. Кудайбергенова З.С Аман Саспаевдин аңгемелериндеги Ата Мекен темасы [Текст] / З.Кудайбергенова // Кыргыз тили жана адабияты. - 2009. -№15. - 126-129-бб.
5. Кудайбергенова З.С. Аңгеме жазуудагы изденүүлөр [Текст] / З. Кудайбергенова // Кыргыз тили жана адабияты. - 2009. -№15. -123-126-бб.
6. Кудайбергенова З.С. А.Саспаев-Кытай тануучу жана тарыхчы [Текст] / З. Кудайбергенова // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. - 2009. -№ 2. - 130-134-бб.
7. Кудайбергенова З.С. А. Саспаевдин чыгармаларындагы философиялык ойлор [Текст] / З.Кудайбергенова // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. - 2009. - №2. - 155-161-бб.
8. Кудайбергенова З.С. Аман Саспаевдин котормочулук жана акындык өнөрү тууралуу учкай сөз [Текст] / З.Кудайбергенова // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. - 2010. - № 4. - 144-149-бб.
9. Кудайбергенова З.С. Аман Саспаевдин аңгемелеринин сюжеттик жана композициялык өзгөчөлүктөрү [Текст] /

pdfelement

З.Кудайбергенова // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. - 2010. - № 4. - 273-278-бб.
10. Кудайбергенова З.С. Романдын тематикалык жана проблематикалык өзгөчөлүктөрү [Текст] / З.Кудайбергенова // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Юбилейлик чыгарылыш. - 2011. - 555-559-б.
11. Кудайбергенова З.С. Мифология-А.Саспаевдин чыгармачылыгында. З.Кудайбергенова // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Юбилейлик чыгарылыш.- 2011.- 619-б.
12. Кудайбергенова З.С. Аман Саспаевдин инсан жана сүрөткер катары калыптанышына таасирин тийгизген факторлор [Текст] / З.Кудайбергенова // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Атайын чыгарылыш.- 2011. -140-145-бб.
13. Кудайбергенова З.С. А.Саспаевдин чыгармачылыгындагы социалдык маселелер [Текст] / З.Кудайбергенова // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Юбилейлик чыгарылыш. - 2011. - 132-136-б.
14. Кудайбергенова З.С. Прозачынын туңгуч изденүүлөрү [Текст] / З.Кудайбергенова // Кыргыз тили жана адабияты. - 2011. - №19. - 93-96-бб.
15. Кудайбергенова З.С. А.Саспаевдин алгачкы чыгармачылыгына орус адабиятынын таасири [Текст] / З.Кудайбергенова // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Атайын чыгарылыш. - 2011. - 162-167-б.
16. Кудайбергенова З.С. А. Саспаев- мемуарист [Текст] / З.Кудайбергенова // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. - 2011. - № 1. -185-189-бб.
17. Кудайбергенова З.С. А.Саспаевдин алгачкы поэтикалык кадамдары [Текст] / З.Кудайбергенова // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. - 2011. - №1. - 189-б.
18 Кудайбергенова З.С. Аман Саспаевдин инсан жана сүрөткер катарында калыптанышына таасирин тийгизген факторлор [Текст] З.Кудайбергенова // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. - 2011. - № 3. - 182-189-бб.
19. Кудайбергенова З.С. А.Саспаевдин күндөлүгү адабий чыгарма катарында [Текст] / З.Кудайбергенова // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. - 2011. - № 4. - 162-168-бб.
20. Кудайбергенова З.С. А.Саспаевдин алгачкы аңгемелериндеги турмуш чындыгы жана көркөм чындык [Текст] // З.Кудайбергенова // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. - 2011. - № 4. - 159-162-бб.
21. Кудайбергенова З.С. А.Саспаевдин «Сарала ит» аңгемеси адабий сында [Текст] / З.Кудайбергенова // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. 5-чыг.– 2012. - 98-102-бб.

pdfelement

**Кудайбергенова Зейнеп Совхозбаевнанын 10.01.01- кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Аман Саспаевдин чыгармачылык жекечелиги» деген темада жазган диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Өзөктүү сөздөр:** адабият таануу, эстетика, адабий сын, жанр, социалдык-тарыхый фактор, аңгеме, роман, мемуар, сюжет, композиция, поэтика, вульгардык социология, тарыхый-адабий процесс, рецензия, жекечелик.

**Изилдөөнүн объектиси:** 60-90-жылдардагы кыргыз адабиятындагы, сынындагы жана адабият таануудагы процесстер, А.Саспаевдин поэтикалык, прозалык чыгармачылыктагы изденүүлөрү жана табылгалары.

**Диссертациялык иштин максаты**: А.Саспаевдин өмүрүн, чыгармачылык тагдырын, анын поэтикалык, прозалык чыгармаларын жана котормочулук тажрыйбаларын талдоо аркылуу жазуучулук оригиналдуулугун, жекечелигин жана сүрөткердик чеберчилигин аныктоо.

**Изилдөөнүн методдору:** анализ, синтез, салыштыруу, системалаштыруу, жалпылаштыруу.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары жана анын жаңычылдыгы:**

- А.Саспаевдин кыргыз адабиятындагы ролу орду жана салымы биринчи жолу системалуу талдоо жана аргументтер аркылуу тастыкталды;
- А.Саспаевдин адабий ишмердигинин башталышы жана калыптанышы, чеберчиликти өздөштүрүү жолдору, изденүүлөрү менен табылгалары, жекечелиги менен оригиналдуулугу конкреттүү мисалдардын негизинде каралган жана жалпылаштырылган;
- А.Саспаевдин тагдырына негизги роль ойногон саясий, тарыхый, социалдык-турмуштук, адабий-маданий жана психологиялык факторлордун комплекси каралды;
- жазуучунун Кытай республикасында өсүшү, тарбияланышы, билим алышы, чыгармачылыгында журналисттик, адабий чөйрөнүн таасирлери аныкталып берилди;
- А.Саспаевдин алгачкы поэтикалык, прозалык, кабарчылык материалдарына талдоолор берилди, алардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү аныкталды;
- А.Саспаевдин аңгемечилик чеберчилигинин, романчылык өнөрүнүн сырлары ачылды жана аталган жанрлардагы изденүүлөрдүн мүнөзү жана өзүнчөлүктөрү конкреттүү чыгармаларды анализдөө аркылуу көрсөтүлдү;
- А.Саспаевдин адабий чыгармачылыгынын айырмалуу бөтөнчөлүктөрү жөнүндөгү тыянак-бүтүмдөр сыпатталды.

**Колдонуу боюнча сунуштар:**

Кыргыз адабиятынын тарыхын, А.Саспаевдин чыгармаларын окуп-үйрөнүүгө, окуу программалары менен окуу китептеринин мазмунун жаңылоодо колдонууга сунуш кылынат.

**Колдонуу чөйрөсү:** Жазуучунун бир катар чыгармалары орто мектептердин жана жогорку окуу жайларынын программаларына киргизилген. Изилдөөнүн жыйынтыктары мектеп мугалимдерине, жогорку окуу жайлардын филология факультетинин студенттерине, аспиранттарына, «Кыргыз адабиятынын тарыхы» курсунда» анын портреттик бөлүмдөрүн окутууда жана илимий иштерди жүргүзүүдө колдонулушу мүмкүн.

pdfelement

# РЕЗЮМЕ

**диссертационного исследования Кудайбергеновой Зейнеп Совхозбаевны на тему «Творческая индивидуальность Амана Саспаева» на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.01-кыргызская литература**

**Ключевые слова:** литературоведение, эстетика, литературная критика, жанр, социально-исторический фактор, рассказ, роман, мемуары, сюжет, композиция, поэтика, вульгарная социология, историко-литературный процесс, рецензия, индивидуальность.

**Объект исследования**: процессы в кыргызской литературе, в литературной критике, в литературоведение и поэтические, эпические произведении А.Саспаева в 60-90-х годов.

**Цель исследования**: определение оригинальности, индивидуальности, художественного мастерства писателя на основании исследований жизненного пути А.Саспаева, как его поэтических, прозаических произведений, так и переводческих опытов.

**Методы исследования:** анализ, синтез, сравнение, систематизирование, обобщение.

**Полученные результаты и новизна:** впервые посредством систематического анализа и аргументов доказана его роль, место и вклад в кыргызскую литературу;

- на конкретных примерах рассмотрены и обобщены формирование и становление литературной деятельности известного прозаика А.Саспаева, его поиски и открытия, овладение мастерством, своеобразие и оригинальность;

-рассматривались комплексы таких факторов, как политические, исторические, социально-жизненные, литературно-культурные и психологические, играющих важную роль в его судьбе;

-определено, что на его творчество повлияло: жизнь в Китайской Республике, образование, а также литературная и журналистская среда;

-проанализированы его первые поэтические, прозаические, корреспонденческие материалы и определены их характерные особенности;

- раскрылись секреты мастерства рассказчика, и романиста и путем анализа конкретных произведений охарактеризовано поиски и особенности в данных жанрах;

- дана характеристика своеобразия литературного творчества А.Саспаева.

**Степень использования:** основные положения диссертационной работы могут быть исплзованы при изучении истории кыргызской литературы, произведений А.Саспаева, а также при обновлении содержания учебных программ и пособий.

**Область применения:** ряд произведений А.Саспаева были включены в учебные программы общеобразовательных школ и высших учебных заведений. Результаты исследований могут быть прменяться при изучении курса «История кыргызской литературы» также могут быть рекомендованы учителям преподователям, аспирантам и студентам филологических факультетов высших учебных заведений.

pdfelement

# RESUME

**Dissertation research of Kudaibergenova Zeinep Sovhozbaevna on the theme “Aman Saspaev’s creative individuality” on thesis of the scientific degree of Philological science’s candidate on specialty 10.01.01- Kyrgyz Literature.**

**Keywords:** Literature studies, aesthetics, literary critics, genre, social historical factor, storytelling, novel, memories, plot, composition, theory of poetry, vulgar sociology, historical- literal procedure, review, individuality.

**Object of the research:** procedures of Kyrgyz literature, in the literary critics, A.Saspaev’s poetic and epic works of 60th and 90th in the literature study.

**The aim of the research:** determination of originality, individuality, artistic masterpiece of the writer on the basis of A. Saspaev’s way of life research both his poetic, prosaic works and translation experiences.

**Methods of the research:** analysis, synthesis, comparison, systematizing, generalization.

**Received results and topicality:** Firstly, it was proved the role, the place and contribution via systematic analysis and arguments in Kyrgyz literature;

- On the concrete examples there were considered and generalized the formation and establishment of literary activity well known prosaic A.Saspaev his searches and discovery, mastering and originality;
- It was considered the complex of the factors as political, historical, social-life, literary-cultural and psychological, playing great role in his fortune;
- It was defined that the life in Chinese Republic, education and literary and journalistic sphere was influenced on his creativity;
- His first poetic, prosaic and journalistic materials were analyzed and determined their characteristic peculiarities;
- It was discovered his secrets of narrator’s skills and novelist, by the way of concrete works’ analysis it was characterized searches and peculiarities in the given genres;
- It was given the characteristics of A.Saspaev’s literary creativeness originality.

**The level of use:** the main state of the dissertation work can be used in learning the history of Kyrgyz literature, A.Saspaev’s works, and in renovation of curriculum contents and manuals.

**The sphere of application:** A. Saspaev’s set of works were included into the curriculum of the secondary schools and higher educational establishments. The results of the research can be used in teaching “The history of Kyrgyz literature” and it can be recommended for the teachers, instructors, post graduate students and for the Philology students of the highest educational schools.

pdfelement

Компьютердик калыпка салган: Ж. Мамбетова
Форматы 60х84 1/16.Офсет кагазы.
Кёлёмщ 1,75 басма табак. Нускасы 100 даана.

КУУнун «Университет» басмаканасында басылды
Бишкек ш., Манас просп. 101,
тел.: (+996 312) 32 31 91; 32 31 75